Бекитемин
Мектеп директору: А.Жоробекова

**Ж.Бөкөнбаев атындагы №15 жалпы орто билим берүүчү мектеби**

**Декада иштеринин жобосу:**

**Жалпы жобо**

**1.1.** Мектептин предметтик жумалыгы, декадасы, айлыгы жыл сайын мамлекет тарабынан иш билги мугалимдердин профессионалдык децгээлин кетеруу максатында пландоо аркылуу окуучулардын чыгармачылыгынын жана өнүгүүсүн жайылтуу учун уюштурулат.

**1.2.** Предметтик жумалыгынын, декадасынын, айлыгынын тапшырмасы:

- ачык саат, класстан тышкаркы иштер аркылуу мугалимдин профессионналдык чеберчилиги аркылуу даярдалып ишке ашырылат.
- предметтик иш- чараларды класстан тышкары мүнөздө уюштуруу менен окуучулардын кызыкчылыктарын таанып билүүсүн стимулдаштырат, жайылтат.
- окуу тартибин эске алуу менен окуучулардын кызыкчылыгын, өз алдынча чыгармачылык ишмердүүлүгүн жогорулатат.
- чыгармачылык мүмкүнчүлүккө умтулган окуучуларга ББ тармагынын окуу процессин эске алуу менен тереңдетип окутууну коздөйт.
- Пед. Техникалар аркылуу окуучуларды илим, техника, көркөм чыгармачылык тапмагына топтоо.

**2. Предметтик жумалыкты, декаданы, айлыкты уюштуруу жана өткөрүү тартиби**

**2.1.** Предметтик жумалыкты, декаданы, айлыкты МБ планынын негизинде иш жүргүзүлөт.

**2.2.** Предметтик жумалыкты, декаданы, айлыкты окуу жылынын башында метод кеңештин чогулушунда аныкталып, бирдей түзүлот.

**2.3.** Декаданын, жумалыктын, айлыктын иш –чараларынын максаты тематикасына дал келиши керек.

**2.4.** Декаданын, жумалыктын, айлыктын уюштуруучусу МБ болот.

**2.5.** Декаданын, жумалыктын, айлыгынын катышуучулары:

- предметтик жумалыкты өткөрүп жаткан топ, бардык мугалимдер, предметтик мугалим
- класстан тышкаркы иштер пралелль класс менен
- жалпы мектеп иш чарасы
- ар кандай окуу тарбия иштери

**2.6.** Декаданы пландоодо эске алынуучу:

- МБнын бардык мугалимдеринин катышуусу.
- сабактын, иш-чараларынын өтүлүүнүн ар кандай формалары.
- класстан тышкаркы иш-чараларга бардык окуучуларды катыштыруу.
- иш-чаранын графиги башталаарына 1 жума калаганда тапшырмалары завучка берилет.

**2.7.** МБ кеңешмесинде чыгарылган жумалыктын план-графиги талкууланып, ОББ тарабынан бекитилет.

**2.8.** Ар бир предметтик мугалим декада учурунда жок дегенде бир предметтик жумалыкка байланыштуу сабак өтүү керек.

**2.9.** Ар предметтик мугалим тематикага байланышту 1 бир иш-чара өтүшү керек.

**2.10.** Предметтик декада мектеп имаратынын ар кандай жерлеринде ( зал, фае, класстык бөлмө) өтүлсө болот, ар башка көрсөтмө , маалыматтар менен коштолот.

**2.11.** Предметтик декада аяктагандан кийин МБнын чогулушунда иш-чаралараныи өтүшү талкууланып, анализделет.

**2.12.** Предметтик декаданынжыйынтыгында ОББ төмөнкү документтерди топтойт.

- предметтик декаданын өтүлүү графиги.
- педагогикалык кызматкерлердин жана окуучулардын фамилиясы, аты белгиленип, маалымат жазылып, сыйлыктар беоилет.

**2.13.** Чыгармачылык иш-чаралардын жыйынтыгы пед. кеңешмеде директорго угузулат.